системи, калем сүрөтүн окутуу методикасынын өнүгүшүнө көп жагынан түрткү берди. XVIII кылымдын жана XIX кылымдын экинчи жарымында сүрөттү сабак катары окутуу методикасына айрыкча көңүл бурула баштайт.

Мамлекетибиз эгемен өлкө болгондон бери сүрөттү окутуунун методдору, анын илимий-методикалык негиздери жөнүндө эч кандай сын-пикирлер айтылбай, республикабыздагы көркөм билим берүүнүн учурдагы абалы жөнүндө козголгон ойлордун жоктугу тынчсыздандырбай койбойт. Жалпы билим берүүчү мектептерде, ошондой эле көркөм билим берүү окуу жайларындагы көркөм өнөрдү окутуу методунун тарыхын, байыркы жана азыркы учурдагы методдорун окуп, үйрөнүп изилдеп жатып, биз өткөндүн алгылыктуу жактарын, чет өлкөдөгү мектептерден гана эмес, орус жана Советтик ошондой эле коңушулаш мамлекеттердин окутуу тармагындагы алгылыктуу жактарын да, колдонушубуз зарыл. Эгемендүүлүккө кол жеткизген Өлкөбүздүн алдында турган эң башкы милдеттердин бири – улуттук кол өнөрчүлүктү, маданиятты көтөрүү болуп эсептелет. Көз карандысыз мамлекет болуп жарыялангандан баштап гана ой-тааным эркиндигине чындап көңүл буруу башталды. Эгемендик заман жаңы ой эркиндигине багыт берди. Азыркы кезде Кыргыз көркөм өнөр чеберлери жалпы дүйнөлүк өнөр менен маданиятына өзүнүн баа жеткис жаркын үлүштөрүн кошууда. Алардын чыгармачылык иштериндеги тереңдик жана ойдун кеңдиги, мазмундук жана түрдүү нукуралык сапаты болду.

Эң башкысы сүрөтчү менен көрүүчүнүн ортосундагы чыгармачылык шайкештик, орток түшүнүүчүлүктүн калыптануусу, жогорку көркөмдүк табитке багытталуусуна жогору маани берүүбүз керек.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Альберти Л.Б. Живопись жөнүндө «Үч китеп», М., 1933. 62.
2. Гете. Об искусстве. Л-М., 1935. 293-294.
3. Дюрер А. Дневники. Письмо. Трактаты.- М., 1987. Т2.
4. Каменский Я.А. Улуу дидактика. М., 1939. Т.1. 214.
5. Леонардо да Винчи. Книга о живописи.- М., т.2.- с.155-156, 1994.
6. Коменский Я.А., Локк Дж., Руссо Ж.Ж., Песталоцци И.Г. /сост. Кларин В.Е., Джуринский А.Н. Педагогическое наследие.- М., Педагогика.- 1987.- 416 с.
7. Ростовцев М.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе. Второе издание.- М., Просвещение.-1980.- С. 239.
8. Ченнини Ченнино. Трактат о живописи. М., 1936. 16.
9. Цит по книге Попова М.М. «Иллюстрированная методичка рисования». СПб. 1909.7.

**Рецензент: п.и.д., профессор Калдыбаева А.Т.**

*УДК:* 373

**Джакыпов К К.**

И. Арабаев атындагы КМУнун Көркөм маданият жана билим берүү факультетинин музыка кафедрасынын башчысы, доц. м. а.

## ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨГҮ МУЗЫКАНЫН РОЛУ

*Бул макалада автор белгилүү педагогдордун пикирлерине таянуу менен ааламдаштыруу шартында жаштардын ой-жүгүртүүнү талап кылбаган жеңил музыка угууга басым жасоосуна каршы туруучу бирден бир каражат катары музыкалык-эстетикалык тарбия берүүнүн илимий-практикалык жактан таасирдүү, методикалык жактан жабдылган системасын карама-каршы коюуну сунуштап, ар бир улуттун кылымдардан сакталып келген салттуу музыкасынын тарбия берүүдөгү алмашкыс ордун белгилейт.*

**Түйүндүү сөздөр:** *эстетикалык тарбия, музыкалык тарбия, музыкалык билим берүү, музыка, музыка сабагы, ааламдаштыруу, салттуу музыка.*

**Джакыпов К К.**

и.о.доцента факультета Художественной культуры и образования, заведующий кафедры "Музыки" Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева

## РОЛЬ МУЗЫКИ В ЭСТЕТИЧЕСКОМ ВОСПИТАНИИ

*В этой статье автор отмечает не заменимое место в воспитании подрастающего поколения многовековой традиционной музыки народа и ссылаясь на утверждение известных педагогов утверждаем что, в условиях глобализации на уклонении молодёжи к легкой музыке одним из наиболее эффективным средством противосопоставления является научно-методически обоснованной музыкально-эстетическое воспитание.*

**Ключевые слова:** *эстетическое воспитание, музыкальное воспитание, музыкальное образование, музыка, урок музыки, глобализация, традиционная музыка.*

**K.K. Djakypov**

Kyrgyz State University. I.Arabaeva, Acting Professor, Department of Art Culture and Education, Head of the Department "Music"

## THE ROLE OF MUSIC IN AESTHETIC EDUCATION

*In this article, the author notes an irreplaceable place in the upbringing of the growing generation of centuries-old traditional music of the people and cites the statement of well-known teachers that in conditions of globalization on evading young people towards easy music one of the most effective means of opposing is the methodologically sound musical and aesthetic education.*

**Keywords:** *Aesthetic education, musical education, music education, music, music lessons, globalization, traditional music.*

Музыка – искусствонун татаал жана эмоционалдык жактан эң эле таасирдүү түрлөрүнүн бири. Учурда илимий-техникалык прогресс музыкалык маданиятты элге таратуунун бир да доор билбеген кеңири мүмкүнчүлүктөрүнө жетишти. Бул көрүнүш, өзгөчө акыркы убакта өнүгүп бара жаткан шоу-бизнестин таасири, калктын кеңири катмарына музыканын жеткиликтүүлүгү жөнүндөгү жасалма иллюзияны түзүп жатса, башка жагынан, педагогдор, композиторлор, аткаруучулар бүгүнкү күндө жаштардын музыкалык кызыгуулары менен табиттеринин багыты жана деңгээлдеринин абалы тууралуу олуттуу кооптонууну тынымсыз билдиришүүдө. Музыкалык таасирлердин баш аламандыгына жана системасыздыгына, музыкалык-эстетикалык тарбия берүүнүн таасирдүү, методикалык жактан жабдылган системасын карама-каршы коюу, күндүн талабына айланууда.

Музыкалык тарбия берүү эстетикалык тарбия берүүнүн курамдык бөлүгү болуп саналат. Бүгүнкү күндө анын маани-маңызы, өсүп келе жаткан муундун адеп-ахлактык, этикалык сапаттарын калыптандырууга көмөктөшүүдөн турат.

Өсүп келе жаткан муунга толук эстетикалык тарбия берүү процесси музыкалык тарбиядан сырт ишке ашышы мүмкүн эмес. Музыкага, музыкалык чыгармаларды активдүү кабылдоого жана аткарууга тартуу эрте курактан башталат. Жалпы жана музыкалык педагогиканын көптөгөн көрүнүктүү өкүлдөрү ар бир адам музыка менен машыгып алектениши керек, – деп эсептешет. Инсанды ар тараптан өнүктүрүү – музыкалык тарбиянын негизги максаты [6, 8-б.].

В.А.Сухомлинский өсүп келе жаткан муунга адеп-ахлактык жана эстетикалык тарбия берүүдөгү мүчүлүштүктөрдүн зыяндуулугу тууралуу алгачкылардан болуп тынчсыздангандыгын билдирген. Тарбия берүүнү технизациялоо жөнүндө "тамшануу менен эмес, тынчсыздануу менен айтуу керек" деп жазган. Ал: "Эгер тарбия берүү жакшырбаса, анда бизге мактаган математика, электроника жана космос далайды көргөзөт. Эч кандай математика, эч кандай эсептик машина өсүп келе жаткан муунга моралдык тарбия берүүдө кайдыгерликтин айынан учурунда биздин жоготкондорубузду кийин алмаштыра албайт",– деп даанышмандык менен эскерткен. Бул чакырык бүгүн да актуалдуу. Ал жаштардын арасындагы кылмыштуулуктун өсүп жаткандыгына өзгөчө көңүл буруу керектигин сунуштаган. Анын негизги себеби – эмоционалдык жана эстетикалык караңгылык, ырайымсыздык, таш боордук, бардык жандуу жана жансыз сулуулукка көңүл кош кайдыгерлик". В.А. Сухомлинский бул тенденцияларга каршы туруштук бере алар башкы каражатты эстетикалык тарбиядан көргөн: "Жан дүйнөгө өз алдынча тарбия берүүнүн башкы каражаты – сулуулук. Сулуулук кеңири мааниде – искусстводо да, музыкада да, жашоодо да адамдар менен болгон өз ара ысык мамиле" [7, 14-б.].

Ошону менен эле бирге өз учурунда берилбей калган тарбия боюнча ал: "Балалыкта эмнеден куру калсак, анын ордун өспүрүм куракта да, чоң адам болгондо кайра толтурууга эч мүмкүн эмес. Бул эреже баланын жашоосунун бардык чөйрөсүнө, өзгөчө эстетикалык тарбияга таандык",– деп баса белгилеген [7, 75-б.].

60-жылдары жалпы билим берүүчү мектептер үчүн музыка боюнча жаңы программаны түзүү жөнүндөгү СССРдин Композиторлор Союзунун идеясын агартуу органдары колдогон. Д.Б. Кабалевскийдин жетекчилиги менен иштелип чыккан музыка боюнча жаңы программа 1981-жылы жактырылган жана Россия Федерациясынын бардык мектептери үчүн милдеттүү түрдө бекитилген.

70-жылдардын башында Д.Б. Кабалевский жаңы программаны даярдоодо В.А. Сухомлинскийдин жардамына жана колдоосуна таянган. Жаңы программанын эпиграфына композитор-педагог: "Музыкалык тарбия – бул музыкантты тарбиялоо эмес, ал барыдан мурда адамды тарбиялоо", – деген сөзүн тандап алган. Жаны программа мурдагыдан таптакыр башкача негизде курулган, автордун сөзү боюнча, "музыканын өзүнө гана окутуу эмес, музыка аркылуу окуучулардын рухий дүйнөсүнө, барыдан мурда алардын адеп-ахлагына таасир этүү" башкы милдет болгон.

Музыкалык маданият адамдын жан дүйнөсү менен бирге калыптанат. Ал музыкалык кабылдоонун жана түшүнүүнүн улам жаңы чектерин кучагына алуу менен ар дайым өнүгүүнүн үстүндө болот жана бул аркылуу инсандын руханий дүйнөсүн байытат. Бул процесс адамдын дүйнө таанымы менен байланыштуу болгондуктан аны коштоп өмүр бою

жүрүп олтурат. Музыкалык маданиятты ашкере күчөтүүгө, тездетүүгө болгон иш аракеттер аянычтуу аякташы мүмкүн.

Мындай көрүнүштөрдүн коркунучтуулугу тууралуу өз кезегинде Г. Тарасов: “Педагогдор окуучулардын жекече жашоосунан абдан алыс турган тышкы баалуулуктарды ага дароо киргизип, аларды инсандын ички нормативдик баалулуктарына айлантууга аракет кылышат. Бирок мындай ыкма кызыгууга тарткан начар аракет болуп саналат. Тескерисинче ал тез эле таркоочу, үстүрт жана жасалма кызыгууга алып келет. Мындай шартта үйрөнчүктүн маданият менен болгон байланышы чектелүү мүнөзгө ээ болгондуктан толук кандуу өнүгүүгө муктаж жан маданияттан аргасыз арабөк калат”, – деп белгилеген [8, 12-б.].

Ал эми ар бир элдин улуттук маданияты ошол элдин келечек муундары үчүн сырткы таасирлерден «сактоочу калкан» катары кызмат кылары далилденген чындык. Бала туулгандан өз улутунун рухий дүйнөсүнүн таасирине чөмүлүп, өзүнө толук сиңирип алгандан кийин, сырткы чөйрөдөн каптап келген ар кандай маданий агымдардан өзүнө керектүүсүн гана сиңирип, туура келбегендерин сыртка кагуу жөндөмдүүлүгүнө жетише алат.

К.Д. Ушинский: «…Ар бир улуттун тарбия берүүчүлүк идеялары ошончолук, аларды бөтөн кыртышка көчүрө салуу жеңил-желпи иш эмес. Калктын өзүндө жаралып, өз башатынан өзөк алган тарбиянын таасири дарексиз идеяларга жык толгон же бөтөн калктардан алынган тарбиялык көз караштарга салыштырмалуу эбегейсиз күчкө ээ болот», – деп баса белгилеген [9].

Кылым карыткан кыргыз эли да нечен доорлорду багындырып, улут катары калыптануусуна өз башатынан алынган маданияты, каада-салты, үрп-адаты, таалим-тарбиясы чоң таяныч болгонун билебиз.

Бул мезгил аралыгында нечендеген элдер өз учугун уланта албай, ара жолдо жок болуусуна ар кандай себептер таасирин тийгизди. Кыргыз элинин учурда эгемендүүлүктө мамлекет катары жашап жатуусуна жана мындан ары да ааламдаштыруу алааматынан татыктуу чыгуусуна жогоруда белгиленген руханий дөөлөттөрүбүздү көздүн карегиндей сактаганда гана жетише аларыбызды ар бирибиз жүрөгүбүзгө бекем түйүшүбүз керек.

Кыргыз элинин тарыхында музыкалык тарбия берүү баланын төрөлүшүнөн табытка жатышына чейин, тактап айтканда алдейлеген эненин бешик ырынан акыркы зыйнатындагы кошогуна чейин музыканын коштоосунда болорун буга чейин далай окумуштуулар далилдеп келишти.

Алгач оозеки түрүндө муундан муунга оозеки берилип келген музыкалык маданиятыбыз Октябрь революциясынын жеңишинен кийин башкача түргө, атап айтканда жазма түрүнө өтүп, боордош элдер менен катар профессионалдык музыканын жана аны алып жүрүүчү профессионал музыканттар тобунун пайда болуусуна алып келген.

Ал эми Кыргызстанда музыкалык тарбия берүүнүн тарыхына кайрыла турган болсок негизинен Совет дооруна туш келип кыска жана натыйжалуу мезгилди башынан өткөрдү. Октябрь революциясынан кийинки алгачкы жылдарда түздөн түз музыкалык тарбия берүү же музыка сабагын окутуу боюнча маселе каралбаса да жалпы элдин маданиятын анын ичинде эстетикалык тарбияны көтөрүү боюнча айрым иш пландар кабыл алына баштаган.

1928-жылдан баштап, кыргыз элдик аспаптарды үйрөнүү, алардын оозеки түрүнөн жазуу түрүнө өтүүсү боюнча жаңы багытта калыптануу жана өнүгүү жолуна түштү.

Кыргыздардын аспаптык музыкасынын байлыгына жана өзгөчөлүгүнө суктанган Затаевич: “Кыргыз музыкалуулугунун тартуу күчү абдан баалуу, олуттуу жана өзгөчө. Бул элдин жалпы музыкалык бай казынасын берери көп, ал ырлардан (обондордон) гана эмес, элдик аспаптар үчүн (күү) пьесалардан да турат”, – деп жазган [1, 4-б.].

Музыкалык тарбия берүү тармагында 1937-жылы А. Малдыбаев тарабынан түзүлгөн балдар үчүн “Ырлар” китеби жарыкка чыккан [4.]. 1939-жылы Ш. Орозов тарабынан түзүлгөн “Музыкалык сабат” китеби жарык көрөт. Теориялык материалды бекемдөө үчүн анда мисалдар катары кыргыз элдик ырлары жана обондору, А. Малдыбаевдин ырлары пайдаланылган. Баш сөзүндө В.Целиковский ноталык сабаттуулук боюнча жана музыка боюнча кыргыз тилиндеги жарык көргөн биринчи китеп экендиги белгилейт. Ал орто мектепте, техникумдарда окугандарга, өздүк көркөм чыгармчылыктын катышуучуларына, актерлерго – музыка менен машыккандардын бардыгына арналган.

1957-жылы Н.С. Борзунов тарабынан түзүлгөн ырдоо боюнча программа жарык көргөн. Анда окуучулардын музыкалык кругозорун, алган билимдеринин негизинде өнүктүрө турган окуу процессин куруу сунушталган. Бул үчүн автор музыкалык сабаттулук жана хордук ырдоо менен катар музыкалык чыгармаларды бир нече ирет угууну сунуштайт. Угуу үчүн музыкалык материал – бул советтик композиторлордун чыгармалары, элдик чыгармачылык, негизинен, элдик ырлар жана акындардын ырлары, классик-композиторлордун чыгармалары. Кругозорду кеңейтүү, чыгармачылык дүйнө таанымды байытуу, музыканы уга билүүнү жана ага болгон сүйүүнү окуучуларда тарбиялоо – бул окутуунун берилген милдеттери “угуу” бөлүмүндө аныкталган.

Мектептеги музыка предмети эстетикалык тарбия берүүнүн чөйрөсүндөгү негизги сабактардын бири болуп саналат. Жалпы тарбия берүүчү мектептеги музыкалык окутуунун максаты “окуучулардын гармониялуу ар тараптан өнүгүшүнүн, рухий маданиятынын маанилүү жана ажырагыс бөлүгү болуп эсептелип, алардын музыкалык маданиятын калыптандыруу катары аныкталат” [3, 3-б.].

1958-жылы ал кездеги В.В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун курамында Музыкалык-педагогикалык факультети уюштурулган. Факультеттин Музыка кафедрасы алгачкы музыка мугалимдерин даярдоону баштаган.

Кыргызстанда Д.Б. Кабалевскийдин программасын адаптациялоо боюнча иштер жүргүзүлүп, аны 80-жылдары эки коллектив ишке ашыра баштаган.

Биринчи шартта программа кыргыз тилине которулган жана орус жана Батыш Европа репертуарларын кыскартуунун эсебинен кыргыз элдик жана профессионал музыкасы менен толукталган. Автор-иштеп чыгуучулардын группасына мугалим-практиктер, окутуучулар, методисттер жана композиторлор: Н. Давлесов, Б. Малдыбаев, Т. Койгелдиева, И. Рыспаев, Ш.Турдумамбетова, О.Абдылдаевдер кирген[129].

Д.Б. Кабалевскийдин программасы менен окшоштук боюнча методикалык сунуштар иштелип чыккан жана 1-4-класстардын ноталык хрестоматиясы түзүлгөн. Алардын авторлору: Б.Малдыбаев – 1-класс, Н. Давлесов – 2-класс–, Т. Койгелдиева – 3-класс, Н. Давлесов, Т. Койгелдиева,
И. Рыспаев, Ш. Турдумамбетова, О.Абдылдаев – 4-класс. [5].

1986-жылы педагогика илимдеринин кандидаты А.Т. Арзыкулова жана №28 мектептин методист мугалими, педагогика илимдеринин кандидаты А.Сахарова кыргыз

элдик жана профессионалдык музыкасын орус тилдүү жалпы тарбия берүүчү мектептерге киргизүү боюнча ишке киришишкен. 1989-жылы алар сунуштаган программа жалпы союздук программага тиркеме катары жарык көргөн.

Ушул эле учурда айрым чыгармачыл коллективдердин жана музыка мугалимдеринин альтернативалуу жекече варианттары иштелип чыккан.

Жалпы тарбия берүүчү система бериши керек болгон музыкалык тарбия берүүнүн негизги максаты – музыкалык ааламга балдарды киргизүү, бул искусствону түшүнүүгө жана сүйүүгө балдарды үйрөтүү, рухий маданияттын бөлүгү катары музыкалык маданиятты алардын жан дүйнөсүндө калыптандыруу.

Учурда Республикабыздын тарбия берүү системасынын бардык тармактарында жогоруда келтирилген программа, мыйзамдарга ылайык иш жүргүзүлүп, жаш муундарга билим-тарбия берүү иштери өз жолун улап келет. Бул багытта Д.Б. Кабалевский мындай деп ой бөлүшөт: «Искусствонун адам турмушунда, өзгөчө жаштардын турмушуна тийгизген таасиринин баа-баркы ченемсиз. Ал адамды турмушка даярдоочу катары кызмат кылат. Адам, өмүрүндөгү достук, сүйүү, кыйынчылык, кайгы, кубаныч менен алгачкы жолу көпчүлүк учурда көркөм адабият беттеринен, кино экрандан, музыкада же болбосо театр сахналарынан жолугушуп, андан кийин жашоодо бет келишет. Мына ошол учурда кыз баланын же жигиттинби алгачкы кадамы анын буга чейинки кинодон көрүп, китептен окуп, музыкадан укканына жараша болору шексиз» [2, 118-119-б.].

Элибиз эгемендүүлүккө жеткен XX кылымдын 90-жылдарынан баштап кайрадан улуттук каада-салт, адеп-ахлак, маданият, тарых, тили-дилибизге өз баасын берүүгө ыңгайлуу шарт түзүлдү. Бул багытта мамлекеттик деңгээлде программалар кабыл алынып, жаш муундарды тарбиялоо жана алдынкы билим-илимге умтулууга мезгил талабына ылайык иш чаралар көрүлүүдө. Мындай программаларды атай кетсек «1995-жылы кабыл алынган «XX1 кылымдын кадрлары», 1996-жылы кабыл алынган улуттук тарбия берүүнүн негизги багыттарын белгилеген «Билим» программасы,  2003-жылда кабыл алынган «Тарбия берүү жөнүндө» мыйзам ж.б. мамлекеттик документтер.

Аталган мыйзамдардын ишке ашуусу боюнча мамлекеттик деңгээлде кам көрүлүп, аны ишке ашыруучуларга олуттуу көңүл буруу гана тиешелүү натыйжа берет деп ойлойбуз.

Болбосо эстетикалык тарбия анын ичинен музыкалык тарбиядан куру калган жаштарыбыздын кезегинде ким болорун турмуш көрсөтө баштады. Анткени эстетикалык табити бийик адам арыкты казса да, картошка эксе да анын копол жасай албасы, бирөөнүн тагдырына кайдыгер карай албасы турмуш элегинен өтүп далилденген маселе.  Ошондуктан учурда экономикалык көйгөйлөр менен катар жан дүйнө маселесине да тыкыр көңүл бурулбаса өлкөнүн келечегине орду толгус залал келүүсү көп күттүрбөй турган процесс.

Жыйынтыктап айтканда акыркы жылдарда болуп жаткан билим берүү тармагындагы айрым реформалар ушул боюнча улана берсе жадыбалды жат билген бирок жан дүйнөсү ач калган жаштарыбызды жаратуу коркунучу бул тармакта эмгектенген ар бирибизди ойлонтуп, андан жаралган маселени жалпы чечүүгө салым кошуубуз учурдун кечиктирилгис талабы деп эсептейбиз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Затаевич, А.В. Кыргызские инструментальные пьесы и напевы [Текст] / А.В. Затаевич. – Фрунзе, 1971.

2. Кабалевский, Д.Б. Дело всей жизни [Текст] / Д.Б. Кабалевский. – М.: Искусство в школе, 1995. – 256 с.
3. Кабалевский, Д.Б Основные принципы и методы программы по музыке для общеобразовательной школы [Текст]: программа по музыке для общеобразовательной школы (I-IIIклассы) / Д.Б. Кабалевский – М.: Просвещение. – М., 1997.
4. Малдыбаев, А. Путь к мастерству [Текст] / А. Малдыбаев // В кн.: Искусство и человек. – Фрунзе: Илим, 1981. – 38 с.
5. Музыка предмети боюнча окуу программасы / Орто мектептин башталгыч класстары үчүн (1-4)үчүн. – Бишкек, 2014.
6. Ригина, Г.С. Уроки музыки в начальных классах. Из опыта работы в первом и втором классах [Текст] / Г.С. Ригина. / Под. ред. Л.В. Занкова. – М.: Просвещение, 1979. – 180 с.
7. Сухомлинский, В.А. О воспитании [Текст] / В.А. Сухомлинский. – М., 1975. – 38 с.
8. Тарасов, Г.С. Психология музыкальных потребностей [Текст] / Г.С. Тарасов. – М., 1971. – 191 с.
9. Ушинский, Л. Педагогические сочинения [Текст] / Л. Ушинский. – М.-Л., 1948. – 488 с.

**Рецензент:п.и.к., профессор Абышев К.Н.**

УДК 378

**Дюшенова М.С.**
Эл аралык илим жана бизнес университетинин ага окутуучусу

## ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШ ТАРМАГЫ БОЮНЧА АДИСТЕРДИ ДАЯРДООДОГУ ЖАҢЫ МАМИЛЕЛЕР

*Бул макалада эл аралык байланыш тармагы боюнча адистерди даярдоодогу жаңы мамилелер каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *Эл аралык байланыш, заманбап, глобалдык процесстер, илим*

**Дюшенова М.С.**
Старший преподаватель Международного университета науки и бизнеса

## НОВЫЕ ОТНОШЕНИЯ В ПОДГОТОВКЕ СПЕЦИАЛИСТОВ ПО СИСТЕМЕ МЕЖДУНАРОДНОЙ СВЯЗИ

*В статье рассматривается новые отношения в подготовке специалистов по системе международной связи.*

***Ключевые слова:*** *международные связи, современный, глобальные процессы, наука*

**M.S. Dushenova**
Senior lecturer of the International University of Science and Business

## NEW RELATIONS IN THE TRAINING OF SPECIALISTS ON THE SYSTEM OF INTERNATIONAL COMMUNICATION